**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, филология илимдеринин кандидаты, доцент, Азия инновациялык колледжинин директору Шамшиева Махабат Салимбековнанын Султанова Айнура Абайдиллаевнанын «Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери» деген темада 10.02.01 - кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**

## КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Султанова Айнура Абайдиллаевнанын «Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери» аттуу кандидаттык иши диссертациялык кеңештин багытына, ал эми изилдөө ишинин мазмуну жана концептуалдык негизи 10.02.01. – кыргыз тили адистигине шайкеш келет.

2. **Изилдөөнүн максаты** – Чоң-Алай чөлкөмүндөгү жер-суу аттарынын тутумун аныктоо, алардын тилдик табиятын лингвистикалык, тарыхый жактан изилдөө жана илимий жактан такталган геолингвистикалык фактыларды кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхын окуп үйрөнүүдө кеңири пайдалануу.

Изилдөөнүн максатын ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** коюлган:

- кыргыз геолингвистикасынын өнүгүүсүндөгү багыттарды так аныктоо, ошондой эле жалпы Кыргызстандын топонимиясындагы айрым тарыхый топонимдердин этимологиясын илимий деңгээлде чечмелөө;
- Чоң-Алай өрөөнүнүн жер-суу аттарынын системасында жолугуучу топонимдердин фонетикалык жактан калыптануусунун жана кыргыз тилиндеги байыркы топонимдерди тарыхый жактан талдоо;
- Чоң-Алай топонимиясында жолугуучу топонимдердин этимологиясын лингвистикалык жактан талдоо жана жер-суу аттарынын маанилик байланыштарын аныктоо;

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 10-24-21
« 12 » 02 2025 ж.г.

- Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимиясындагы айрым тарыхый топонимдердин этимологиясын илимий өңүттөн чечмелөө жана өнүгүү багыттарын аныктоо.

Изилдөөнүн **объектиси** катары Чоң-Алай топонимиясынын тутуму алынса, изилдөөнүн **предметин** Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык өзгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдерин изилдөө түзөт.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Ономастикалык географиялык объектилердин аттары кыргыз тилинин, жалпы эле түрк тилдер системасындагы негизги кор экендигин так чагылдырган номинативдик тутум болуп саналат. Географиялык объектилер материянын реалдуу сегменттери катарында сырткы дүйнөнүн тилдик бирдиктер аркылуу чагылуусу болуп гана чектелбестен, этникалык топтун улут катарында калыптануусунун негизи экендигин акыркы изилдөөлөр ачыктады. Кыргыз элинин этностук жактан калыптануусун тактоо маселеси, биринчи кезекте, реалдуу мейкиндиктеги индивиддердин суммасынан эмес, кыргыз элинин улуттук аң-сезиминин белгилүү мейкиндиктеги түптөлүүсү менен негизделет.

Лингвоконцептуалдык өңүттөн алып караганда Чоң-Алай топонимиясынын ареалында кыргыз тилинин калыптануусу конкреттүү тилдик мейкиндикте илимий лингвистикалык жактан комплекстүү изилдене элек. Чоң-Алай тоо кыркалары Кыргызстандын суу ресурстарын сактаган географиялык жана тектоникалык массив гана эмес, Кытай, Афганистан, Пакистан жана Тажикстан менен чектешкен жериндеги маанилүү лингвистикалык катмар, ошол себептен жалпы Борбордук Азиянын жана Фергана өрөөнүнүн геосаясий абалынын мерчеминде жана Чоң-Алай тоо кыркаларындагы тарыхый урбонимдердин лингвистикалык табиятын аныктоодо Чоң-Алай топонимиясынын орду ченемсиз. Мындай маанилүү линвгвистикалык тармактын илимий бутага алынышы изилдөөгө алынган теманын **актуалдуулугунан** кабар берет.

**3. Иштин илимий жыйынтыктары.**

**3.1. Иштин диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарга жооп бере турган жаңылыгы.** Диссертанттын эмгегинде тарыхый-географиялык жактан маанилүү аймактардын бири болгон Чоң-Алай өрөөнүнүн топонимдик системасынын комплекстүү түрдө изилдениши, топонимдердин этимологиясына байланышкан айрым маселелердин туура чечилиши, Чоң-Алай өрөөнүндөгү жер-суу аттарынын тарыхый катмарлануусун алгач ирет иликтөөгө алган жана аталган маселелер боюнча тишелүү натыйжалардын алынышы, ошондой эле 250гө чукул Чоң-Алай аймагындагы топонимдердин тиркемесинин иштелип чыгышы иштин илимий жаңылыгын түзөт. Анын негизинде иште төмөнкүдөй илимий натыйжалар (жоболор) берилген:

1. Чоң-Алай топонимиясынын байыркы катмарын түзгөн аталыштардын этимондук составы жалпы кыргыз топонимикасынын тарыхый пайдубалы, концептуалдык негизи болуп эсептелет.

2. Азыркы күнгө дейре сакталып келген Чоң-Алай топонимиясы - онтологиялык байыркы негиздүү структура жана кыргыз тилинин лексикалык корунун динамикасын айкындоочу объективдүү форма.

3. Улуу Жибек жолундагы *Зор-Алай, Дароот-Коргон, Алтын-Дара, Дара, Дароот, Даңги, Дүкөн-Конуш, Кара-Зак* топонимдик катары аталган маданий-экономикалык магистралдын картографиясын аныктоо менен бир катарда кыргыз элинин башка тилде сүйлөгөн уруулар менен болгон алакасын чагылдырган лингвистикалык факторлордон.

4. Улуттун менталдык жактан калыптануусу лингвистикалык код катарында келүүчү номинативдик система менен эриш-аркак өнүгүүсү топонимикалык кордун жалаң гана фонетикалык оболочкасынын өзгөрүүсүн шарттабастан, табигый тилдин категориялык мыйзамдарын да жарата алган структуралык моделдеринин парадигмалык тутуму боло алат.

5. Чоң-Алай топонимиясынын курамындагы байыркы топонимдердин тарыхый өнүгүүсү кыргыз тилинин фонологиялык эволюциясын жана семантикалык жактан калыптануусунун мыйзам ченемдерин чагылдырат.

**3.2. Диссертацияда берилген ар бир илимий натыйжанын (жобонун) жана тыянак, корутундунун негизделүү жана тастыкталуу даражасы.**

**1-жобо:** Чоң-Алай топонимиясынын байыркы катмарын түзгөн аталыштардын курамы жалпы кыргыз топонимиясынын тарыхый пайдубалы, концептуалдык негизи болуп эсептелинери топонимика жана кыргыздардын тарыхы, түркология боюнча буга чейин аткарылган тарыхый, лингвистикалык пландагы илимий эмгектердеги көз караштарды талдоонун негизинде ачылып берилген. Ошол себептен ынанымдуу.

2**-жобо:** Чоң-Алай топонимиясы өзүндө байыркы лексикалык катмарды сактоо менен кыргыз тилинин лексикалык корунун динамикасын көрсөтүүчү объект болуп саналары топонимика, кыргыз тилинин тарыхы, кыргыз лексикологиясы, түркология боюнча илимий эмгектердеги көз караштарга таянуу менен, диссертанттын өзүнүн талдоолорунун жана жалпылоолорунун негизинде аныкталган. Ошол себептен ынанымдуу.

3**-жобо:** ынанымдуу, себеби Улуу Жибек жолундагы *Зор-Алай, Дароот-Коргон, Алтын-Дара, Дара, Дароот, Даңги, Дүкөн-Конуш, Кара-Зак* топонимдик катары аталган маданий-экономикалык магистралдын картографиясын аныктоо менен катар эле кыргыз элинин башка тилде сүйлөгөн уруулар менен болгон алакасын чагылдырган лингвистикалык факторлор болуп саналары кыргыз топонимикасы, лексикология, этимология, тил тарыхы, түркология боюнча эмгектердин жыйынтыктарына, ошондой эле

тарых, география боюнча тиешелүү изилдөөлөргө таянуу менен, диссертанттын өзүнүн талдоолорунун негизинде көрсөтүлгөн.

**4-жобо:** Улуттун менталдык жактан калыптануусу лингвистикалык код катарында келүүчү номинативдик система менен эриш-аркак өнүгүп, топонимикалык кордун жалаң гана фонетикалык кабыкчасынын өзгөрүүсүн шарттабастан, табигый тилдин категориялык мыйзамдарын да жарата алган структуралык моделдеринин парадигматикалык тутуму боло алары топонимика, лексикология, морфология, фонетика, ошондой эле когнитивдик тил илими боюнча эмгектердеги жобо, көз караштарга таянуу менен, Чоң-Алай топонимиясынын материалдарынын негизинде ачылып берилген.

**5-жобо**: Чоң-Алай топонимиясынын курамындагы байыркы топонимдердин тарыхый өнүгүүсү кыргыз тилинин фонологиялык эволюциясын жана семантикалык жактан калыптануусунун мыйзам ченемдерин чагылдырары тилдин тарыхы, тарыхый фонетика, этимология боюнча эмгектердеги көз караш, жоболорду эске алуу менен, диссертанттын өзүнүн талдоолорунун натыйжасында чыгарылган. Ошондуктан ынанымдуу мүнөзгө ээ.

**3.3. Теориялык жана колдонмо багыттагы маселелерди чечүүдө изилдөөдөн алынган натыйжалардын наркы.**

**1-жобо** ***жаңы***, анткени Чоң-Алай топонимиясы кыргыз жер-суу аталыштарынын тарыхый пайдубалы болуп эсептелинери тууралуу көз караштар кыргыз топонимдери боюнча буга чейинки изилдөөлөрдө дээрлик айтылган эмес.

**2-жобону** ***жаңы*** деп эсептөөгө болот, анткени азыркы күнгө дейре сакталып келген Чоң-Алай топонимиясы өзүндө байыркы лексикалык катмарды сактоо менен бирге кыргыз тилинин лексикалык корунун динамикасын көрсөтүүчү топонимдик система болуп эсептелери бул иште алгач ирет белгиленип жатат.

3-**жобо** ***жаңы***, Чоң-Алай өрөөнүндөгү *Зор-Алай, Дароот-Коргон, Алтын-Дара, Дара, Дароот, Даңги, Дүкөн-Конуш, Кара-Зак* топонимдери Улуу Жибек жолунун картографиясында аныктоочу мааниге ээ болуу менен катар кыргыз элинин башка тилде сүйлөгөн уруулар менен болгон алака-мамилесин чагылдырган лингвистикалык факторлор болуп саналары бул иште алгач ирет илимий жобо катары көрсөтүлгөн.

4-**жобону** ***жаңы*** деп саноого негиз бар, анткени **у**луттун менталдык жактан калыптануусу лингвистикалык код катарында келүүчү номинативдик система менен эриш-аркак өнүгүп, топонимикалык кордун жалаң гана фонетикалык кабыкчасынын өзгөрүүсүн шарттабастан, табигый тилдин категориялык мыйзамдарын да жарата алган структуралык моделдеринин парадигматикалык тутуму боло алары тууралуу идея алгач жолу туюндурулуп жатат.

5-**жобону** ***жаңы*** деп эсептөөгө болот, себеби Чоң-Алай топонимиясынын курамындагы байыркы топонимдердин тарыхый өнүгүүсү кыргыз тилинин фонологиялык эволюциясын жана семантикалык жактан калыптануусунун мыйзам ченемдерин чагылдырары Чоң-Алай топонимиясынын материалдарын диахрондук жана синхрондук планда алгач ирет системалуу иликтөөнүн натыйжасында чыгарылган.

**3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши.**

**1.** ***Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү***

1.1.Илимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ маселелеринин жаңы чечилиши.

1.2.Илим чөйрөсүнө жана темасына жараша өлкөнүн экономикасы үчүн олуттуу мааниге ээ илимий жактан негизделген техникалык, социалдык экономикалык же технологиялык иштеп чыгууларды баяндап берүү.

**2.** ***Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңычылык деңгээли***

2.1.Жыйынтыктары жаңы деп эсептелет.

2.2.Айрым жыйынтыктары жаңы эмес.

**3.** ***Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу***

3.1.Өтө жогору

3.2 Жогору

3.3 Канааттандырарлык

**4.** ***Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы***

4.1. Тема мамлекеттик программага же эл аралык изилдөөлөрдүн программасына кирет.

4.2. Тема тармактык программага, илимдер академиясынын же уюмдун тематикалык планына кирет.

4.3. Демилгелүү иш.

**5.** ***Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли***

5.1.Мамлекеттер аралык деңгээлде (лицензиялар сатылган).

5.2.Тармактар аралык деңгээлде.

5.3.Тармактын масштабында.

5.4.Уюмдун (ишкананын) алкагында.

**6.** ***Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар***

6.1.Кеңири пайдаланууну талап кылат.

6.2.Кеңири пайдаланууну талап кылбайт.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды жана теориялык жоболорду жогорку окуу жайларда ареалдык лингвистиканы, “Кыргыз тилинин тарыхы” курсун жана тандоо курстарын окутууда, аталган предметтер боюнча окуу китептерин жана окуу куралдарын түзүүдө колдонсо болот.

**5. Диссертациянын негизги жоболору, натыйжалары жана корутундуларынын жарыяланышы, тастыкталышы.**

1. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясы кыргыз этногенезинин тарыхый өнүгүүсүндөгү лингвистикалык фактор катарында [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». – 2014. - № 1. – 79-80-бб. ISSN: 1694-7851

2. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын ретроспективдик мүнөздөгү топонимдеринин тарыхый лингвистикалык планы [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». – 2014. - № 1. – 160-161-бб. ISSN: 1694-7851

3. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын алтай тили менен болгон генетикалык карым-катышынын жер-суу аттарындагы манифестациясы [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». Атайын чыгарылыш. – 2015. – 243-244-бб. ISSN: 1694-7851

4. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясындагы байыркы лингвистикалык субстрат [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». Атайын чыгарылыш. – 2015. – 133-134-бб. ISSN: 1694-7851

5. Султанова, А. А. Кыргыз тарыхый лексикологиясы жана Алай оронимдик системасы [Текст] / А. А. Султанова // И. Арабаев ат. КМУнун «Жарчысы». Атайын чыгарылыш. – 2015. – 135-136-бб. ISSN: 1694-7851

6. Султанова, А. А. Топонимдер улуттук аң-сезимдин когнитивдик негизи катарында [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2015. - № 8. – 122-124-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=29672482

6. Султанова, А. А. Топонимдердин семантикалык диахрониясы [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2015. - № 8. – 125-126-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=29672483

7. Султанова, А. А. Mistranslation of Historical Names [Текст] / А. А. Султанова, Н. Эргешбаева, Н. Р. Жапаров // Journal of Positive School Psychology. - 2023, Vol. 7, No. 2, 655-662 http://journalppw.com

8. Султанова, А. А. Чоң-Алай когнитивдик топонимиясы [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. - № 8. – 349-353-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65663793

9. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын тарыхый эволюциясы [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2023. - № 8. – 354-358-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65663794

10. Султанова, А. А. Чоң-Алай топонимиясынын географиялык негиздери жалпы тил илиминин алкагында [Текст] / А. А. Султанова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2024. - № 4. – 354-358-бб. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65663794

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине, жүргүзүлгөн изилдөөлөргө, алынган жыйынтыктарга дал келет. Авторефераттын орус тилиндеги котормосу жана кыргыз, орус, англис тилдеринде резюмеси бар.

**7. Диссертациянын мазмунунда кездешкен айрым кемчиликтер.**

Диссертациялык иш боюнча төмөнкүдөй сунуш менен сын-пикирлерди көрсөтүүгө болот.

1. Диссертациялык иштин максаты дээрлик жарым бетте берилген. Илимий ишке коюлган талап боюнча изилдөөнүн максаты так, кыска жана мазмундуу болуп, болгону эки-үч сүйлөмдөн ашпоосу зарыл. Ошол себептен, изилдөөнүн максатын конкреттештирип, кыскартуу керек деп эсептейбиз.

2. Изилдөөнүн милдеттери тактоолорго муктаж. Айталы, 1, 4-милдет кайталангандай таасир калтырат. Мисалы, 1-милдет: “...жалпы Кыргызстандын топонимиясындагы айрым тарыхый топонимдердин этимологиясын илимий деңгээлде чечмелөө”, 4-милдет: “... айрым тарыхый топонимдердин этимологиясын илимий өңүттөн чечмелөө” (7-бет). Ошондой эле изилдөөнүн негизги натыйжаларын түзгөн топонимдердин структуралык-грамматикалык жана семантикалык жактан изилдениши милдеттерде көрсөтүлбөй калган.

3. “Чоң-Алай топонимиясынын семантикалык жактан изилдениши” аттуу бөлүмдө белгилүү түрколог окмуштуулар, анын ичинде ономасттар С.Е.Малов, А.Мелиоранский, А.Н.Кононов, Б.М.Юнусалиев, О.Т.Молчанова жана Э.М.Мурзаевдин эмгектерине илимий сереп жүргүзүлгөн. Аталган окумуштуулар түркологдор болуп эсептелет. Ошол себептен, бул бөлүмдү 1.3. “Топонимдик системанын түркологияда изилдениши” бөлүмүнө кошуп берсе, иш логикалык жана структуралык жактан биримдиктүү болот деп эсептейбиз.

4. Диссертациялык иштин 153-бетинде Ачык-Суу топонимине семантикалык талдоо жүргүзүлгөн. Диссертант аталган топонимдин биринчи компоненти ачык сөзүн түштүк диалектинин Баткен, Чоң-Алай, Лейлек говорлорундагы “аччык”, кыргыз адабий тилиндеги ачуу сын атоочунун диалектилик варианты деп эсептейт. Ошондой эле биз тарабынан Аччык-Чай гидроними боюнча жүргүзүлгөн фонетикалык талдоого кошуларын айтып өтөт. Чындыгында, Ачык-Суу жана Аччык-Чай топонимдеринин ортосунда эч кандай байланыш жок. Ошол себептен, автордун “Чоң-Алай өрөөнүндөгү гидронимдин аталышы суусунун туздуу, ачуу болгондугуна байланыштуу Ачык-Суу аталып калган” деген пикирин илимий жактан негизсиз деп эсептейбиз. Биздин пикирибиз боюнча, Ачык-Суу топониминин биринчи компоненти ачык, көрүнөө жерде жайгашкан географиялык объекттерди атоодо колдонулат.

5. Диссертациялык иште орфографиялык, грамматикалык жана пунктуациялык мүнөздөгү каталар кездешет. Алар кол жазмада көрсөтүлүп берилди.

**8. Султанова Айнуранын диссертациялык ишине сунушталган жетектөөчү мекеме жана расмий оппоненттер.**

**Жетектөөчү мекеме**: Жетектөөчү мекеме катары Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Гуманитардык факультетинин филология бөлүмү сунушталат (720044, Бишкек шаары, Жал кичи району, Тыналиев көчөсү, 30-43).

**Расмий оппоненттер**:

**Ормонбекова Ардакбүбү Ормонбековна** – филология илимдеринин доктору, доцент

**Эмгектери:**

1. Тилдик кубулуштарды лингвопоэтикалык аспектиде изилдөө (монография). –Б., 2010. -363 б.
2. Көркөм чыгарманын тилин изилдөөнүн айрым маселелери // Социальные и гуманитарные науки. -2010. -№6. -52-55-бб.
3. Парафразалардын жаралыш себеби жана көркөмдүк касиети // Кыргыз тили жана адабияты. -2009. -37-39-бб.

**Акматов Нурбек** – филология илимдеринин кандидаты, доцент, К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү кафедрасынын доценти

**Эмгектери**:

1. Ысык-Көл топонимиясы: моногр. Каракол: Даркан, 2009. – 244 бет. 15,25 б.т. Ысык-Көл жер-суу аттарынын сөздүгү (илимий маалыматтар, уламыштар, аңыздар). Каракол: Даркан, 2009. – 224 бет. 14 б.т.
2. Лингвистическая рецепция топонимов центральноазиатской геолокации (тюрко-монгольский ареал). Вестник КИГИ РАН (Oriental Studies). №5. Языкознание / Литературоведение. – Элиста, 2019. С. 945 – 956. Scopus. Соавторы: Абдуллаев С.Н., Мушаев В.Н.
3. О лексическом переосмыслении названий географических обьектов (на материале киргизских и калмыцких топонимов). / Сб: Сравнительно-типологические исследования на материале монгольских и тюркских языков. №3". Элиста: Изд. КалмГУ, 2021г. С.83-87. РИНЦ. Соавторы: Б.Э.Убушиева, В.Н.Хонинов.
4. Кыргызстандын этнотопонимдери. Жыйнакта: ULUSLARARASI ADBILIM SEMPOZYUMU BILDIRILER KITABI. IZMIR, 2021. 367-386-беттери.
5. Топонимика жана архивдер. Казакстандын Эл аралык Түрк академиясы, Назарбаев университети жана Туркиянын Эгей университети биргелешип уюштурган 2022-жылдын 20-22-майында 2-Эл аралык Атбилим (ономастика) симпозиуму. Жыйнакта: 2-Эл аралык ономастикалык

симпозимдун материалдары. - Нурсултан: “Илим” басмасы, 2022. 287-308-б.б. Websciens.

6.Топонимика жана картография. // MATERIALIS III INTERNATIONAL ONOMASTICS SYMPOSIUM. – Toshkent: Bookmany print, 2024. 120-128-б.б.

**9. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиянын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу жөнүндөгү жобосуна дал келиши.**

Жыйынтыктап айтканда, Султанова Айнура Абайдиллаевнанын «Чоң-Алай топонимиясынын лексика-семантикалык эволюциясы жана фонетикалык озгөрүүлөрдүн тарыхый мыйзам ченемдери» аттуу диссертациялык иши 10.02.01. – кыргыз тили илими адистигине туура келет. Диссертациялык иштин темасы актуалдуу, алынган жыйынтыктары далилдүү, теориялык жана практикалык мааниге ээ болгон маселелерди камтыган жана кыргыз тил илими үчүн зарыл болгон илимий эмгек болуп саналат. Диссертациялык иш КРнын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына жооп берет. Диссертацияны жогоруда корсөтүлгөн сунуш-пикирлерди эске алуу шарты менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңешине 10.02.01. – кыргыз тили адистиги боюнча коргоого кабыл алууга сунуштайм.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**филология илимдеринин кандидаты,**
**доцент, Азия инновациялык**
**колледжинин директору** **М. С. Шамшиева**
**10.02.2025-ж.**

**Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм:**
**Окумуштуу катчы,**
**филология илимдеринин доктору, доцент** **С. К. Каратаева**

*Окумуштуу катчынын колун тастыктайм:*
*КБнын башчысы* *А. Жайнакова*

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ